«Бекитемин»
Кыргыз Республикасынын
Тышкы иштер министирлигинин
К.Дикамбаев атындагы
Дипломатиялык Академиясынын
Илимий иштери боюнча проректору,
т.и.д., профессор З.К.Курманов
__________________
«15» декабрь 2020-ж.

Тышкы иштер министирлигинин Дипоматиялык академиясынын эл аралык мамилелер жана укук кафедрасынын 2020-жылдын «15» декабрында өткөрүлгөн кеңейтилген жыйынынын № 12 протоколунан

# КӨЧҮРМӨ

**Кафедра жыйынына катышкандар:**

1. З.К. Курманов – 07.00.07 тарых илимдеринин доктору, профессор;
2. А.Б. Абдрашев – 23.00.02 саясий илимдеринин доктору, профессор;
3. К.Ч. Султанбеков - 23.00.02 саясий илимдеринин доктору, профессор;
4. А.Э. Джоробекова – 07.00.07 тарых илимдеринин кандидаты, профессор;
5. А.К. Ишеналиева – саясий илимдеринин кандидаты, м.а. доцент;
6. Т.А. Нурматов – юридика илимдеринин кандидаты;
7. А.С. Кадыркулова - саясий илимдеринин кандидаты, м.а. доцент;
8. А.С. Тургунбаева – улук окутуучу;
9. Н.Ж. Абалова – PhD, м.а.доцент;
10. Н.К. Момошева де– тарых илимдеринин кандидаты, доцент.

**Күн тартибинде:**

Темирбекова Асель Темирбековнанын 23.00.02 – Саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга сунуштоо үчүн **"Авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)"** темасына изденип жазылган диссертациялык ишин талкулоо.

**Илимий жетекчиси:** Саясий илимдеринин доктору, профессор Акунов аалыбек Акунович.

**Рецензенттер:** тарых илимдеринин доктору, профессор З.К. Курманов, саясий илимдеринин доктору, профессор А.Б. Абдрашев, саясий илимдеринин доктору, профессор К.Ч. Султанбеков.

**УГУЛДУ:** Философия жана социалдык илимдер кафедрасынын башчысы, тарых илимдеринин доктору, профессор А.А. Акунов диссертант

А.Т.Темирбекованын илимий жетекчиси диссертация боюнча пикирин окуп берди.

Теманын актуалдуулугу, постсоветтик республикалардагы саясий процесстердин анализи коомдук аң сезимде авторитардык тенденциялардын күчөп бараткнын көрсөтүүдө. Саясий атаандаштыктын азайышы, шайлоолордун формалдуулугу, көп партиялуулук системасынын алсыздыгы, коррупцияга баткан саясий элита, бизнестин мамлекеттик бийликке карата ишениминин төмөндүгү, мамлекеттик кызматкерлердин мыйзамга эмес, тескерисинче, өзүнөн жогору турган башчыларына баш ийүү адатынын кулач жайышы, район менен облус, мекеме менен ишкана жетекчилерин жамаат тарабынан шайлоо сыяктуу демократиялык элементтердин жана процедуралардын алсыздыгы ж.б. көптөгөн көрүнүштөр авторитаризмдин күчтүү экендигинен кабар берет. Ушундан улам демократиялык эмес саясий режимдерди жана авторитаризмдин улам пайда болуп жаткан жаңы формаларын изилдөөгө болгон окумуштуулардын кызыгуусу акыркы жылдары кескин жогорулады десек болот. Бул диссертацияда авторитардык башкаруунун элементтеринин Кыргыз Республикасындагы саясий процесстерге тийгизген таасири ар тараптуу изилдөөгө алынды. Кыргызстанда мамлекеттик бушкаруунун оптималдуу моделин издөө процесси дагы деле уланып жатканын эске алсак, анда бул теманын актуалдуулугу дагы көбүрөөк айкын болот.

2016-жылдан бери А.Т.Темирбекова "Авторитардык башкаруу тоталитаризимден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)" деген аталыштагы диссертациянын үстүндө иштеди. Бул убакыттын ичинде изденүүчү бул маселе боюнча адабияттарды талдоо жана кайра карап чыгуу боюнча иштерди кеңири жүргүзүп, теоретикалык жана методикалык изилдөө базасын негиздеди, эмпирикалык маалыматтарды иштеп чыгуу менен практикалык сунуштарды иштеп чыкты.

Диссертациялык изилдөөнүн максаты болуп Советтик тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги авторитардык режимдин элементтеринин заманбап Кыргызстандагы саясий процесстерге тийгизген таасирин аныктоо.

Диссертант тарабынан диссертациялык иш үч главада ар тараптуу талданды. Атап айтканда, авторитаризмди саясий режимдин тиби катары изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздерин, авторитардык башкаруу Кыргыз Республикасындагы саясий процесстин мүнөзү катары, Кыргызстанда парламенттик республиканы орнотуу аркылуу демократияны курууга багыт алуу жолун талдоого алган.

Автордун келтирген изилдөөсү жеткиликтүү деңгээлде илимий анализдин методдорун билүүсүн, чоң көлөмдүү илимий талдоо жүргүзүүсү авторитаризм жана демократия тартибинин теориясын жана практикасын, ошондой эле ички саясат жаатында чоң тажрыйбага ээ экенин тастыктайт.

Илимий даярдыктын деңгээли, жактооого каралган А.Т.Темирбекованын диссертациялык ишин 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдердин кандидаты окумуштуулук

даражасын ыйгарууга татыктуу деген пикирин берген, илимий жетекчиси тарых илимдеринин доктору, профессор Акунов А.А.

**Джоробекова А.Э.**. – отурумдун төрайымы, тарых илимдеринин кандидаты, профессор, эл аралык мамилелер жана укук кафедрасынын башчысы: Урматтуу коллегалар! Бүгүнкү күн тартибинде Темирбекова Асель Темирбековнанын, тарых илимдеринин доктору, профессор Акунов Аалыбек Акуновичтин жетекчилиги астында 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн **«Авторитардык башкаруу тоталитаризимден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)»** темасына жазылган диссертациялык ишин талкуулоону сунуштоого уруксат берүүңүздөрдү суранам. Диссертациялык иш Тышкы иштер министирлигинин К.Дикамбаев атындагы Дипломатиялык академиясынын «Эл аралык мамилелер жана укук» кафедрасында бекитилип, аткарылган. Изилдөө ишинин негизги жоболору жана тыянактары илимий конференцияларда жакталып 13 илимий журналдарга макаласы жарыяланган. Диссертация киришүүдөн, үч главадан, алты бөлүмдөн, корутундудан, практикалык сунуштардан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Сөз дисссертациялык иштин негизги жоболору менен тааныштыруу үчүн изденүүчү А.Т.Темирбековага берилет. Убакыт 10 мүнөт.

**Угулду:** Сөз изденүүчү А.Т.Темирбековага берилип, өз сөзүндө изилдөө ишинин максат милдеттери, илимий жаңылыгы жана натыйжалары менен тааныштырып, коргоого белгиленген жоболордун актуалдуулугу, изилдөө деңгээли, методикалык, теориялык, практикалык маанилүүлүгүнө жана чыгарылган тыянактарга токтолду.

**Джоробекова А.Э.**. – отурумдун төрайымы, тарых илимдеринин кандидаты, профессор, эл аралык мамилелер жана укук кафедрасынын башчысы: Биз изденүүчүнүн диссертациялык ишинин негизги жоболору менен тааныштык. Урматтуу коллегалар! Диссертациялык иштин структурасы, маани-маңызы боюнча суроолор болсо изденүүчүгө берсеңиздер болот.

**Абдрашев А.Б**. - саясий илимдеринин доктору, профессор**:** Сиздин базалык билимиңиз кандай?

**Изденүүчү:** Мен Кыргызстан эл аралык Университетин, эл аралык мамилелер багытында “дипломатиялык жана консулдук кызмат” адистигине 2010-жылы тапшырып, 2014-жылы артыкчылык диплому менен аяктагам. 2014-жылы КМШ өлкөлөррүнүн билим берүү программасы боюнча Россиянын эл аралык достук университети менен биргеликте Кыргыз-Орус славян университетине магистратурага отуп, 2016-жылы артыкчылык дипломy менен аяктагам. 2016-жылы Тышкы иштер министирлигинин алдындагы Дипломатиялык академиясынын аспирантурасына кабыл алынып, окууну аяктадым. 2013-жылы кызматтык жолумду, КРнын Жогорку Кенешинин администрациясында мыйзам жана мыйзамга .өзгөртүү киргизүү боюнча башкы экспертке жардамчы болуп баштагам. 2017-жылы Дипломатиялык

академиясынын “Дипломатиялык жана консулдук кызмат” кафедрасында методист-мугалим болуп эмгектенгем. Ошол эле жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетке кызматка кирдим. Учурда УКМК алдындагы Институтта мугалим болуп эмгектенем.

**Курманов З.К**. – тарых илимдеринин доктору, профессор.

1. Темаңызга жакын кайсы окумуштуулардын эмгектери менен тааныштыгыңыз бар? 2. Башка изилдөөлөрдү пайдаланыпсыз. Өзүңүз да изилдөө жүргүздүңүз беле?

**Изденүүчү:** 1.Суроонузга рахмат, албетте, бул теманы кыргыз жана чет элдик окумуштуулар ар тарабынан жана ар мезгилде изилдеп келишкен. Мен диссертацияда Ж.Сааданбековдун авторитаризмге карата жазылган эмгектерин колдондум “Менин өмүрүм”, С.Хангтинтондун “Третья волна. Демократизация в конце 20 века”, Григорьева Е. Б., «Авторитаризм и политический процесс в современной России», “Авторитаризм и демократия в развивающихся странах», Сааданбеков Ж., Нурсултан Назарбаев. «Законы лидерства», Сааданбеков Ж., “Сумерки авторитаризма: закат или рассвет”, “Авторитаризм и демократия на Востоке” ж.б. эмгектер изилдоо учун колдонулду.

2. Ата мекендик саясий илимде кыргыз тилиндеги алгачкы изилдөөлөрдүн бири. Анда саясий модернизация процессинде авторитардык башкаруунун элементтеринин саясий процесске тийгизген таасири иликтенген;

-“Демократия аралчасы” деп аталган эгемен Кыргызстанда башкаруунун авторитардык элементтери эгемендиктин алгачкы күндөрүнөн баштап эле орной баштаганы аныкталган;

-Кыргызстандагы постсоветтик авторитаризмдин өнүгүү өбөлгөлөрү жана логикасы изилденди;

-Аксы окуялары, 2005-жана 2010-жылдардагы күч менен бийлик алмашуулар өлкөдөгү авторитардык башкаруунун саясий процесске тийгизген терс таасиринин жыйынтыгы катары изилдөөгө алынды;

-Көз карандысыз Кыргызстандагы авторитардык режимдин калыптанышы жана өнүгүшү алгачкы жолу негизги баскычтарга бөлүнүп иликтенди;

-Азыркы Кыргызстандын мамлекеттик башкаруунунпарламенттик формасына карай багыт алышы өлкөдөгү авторитардык режимди алсыратуу жана демократиялык институттар менен механизмдерди бекемдөө маанисинде изилденди;

-Заманбап Кыргызстандагы стабилдүүлүк менен ынтымакка терс таасир берүүчү авторитардык бушкаруунун көйгөйлүү жактары иликтенди.

**Джоробекова А.Э.** – жыйындын төрайымы: Урматтуу кесиптештер! Талкуунун жыйынтыгы менен илимий ишке карата айтылган кемчиликтерди, сунуш-пикирлерди изденүүчү тарабынан туура кабыл алуу менен иш жүзүндө пайдалана алат деп ишенебиз.

Дипломатиялыке академиясынын эл аралык мамилелер жана укук кафедрасынын изденүүчүсү Темирбекова Асель Темирбековнанын 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий

илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн **«Авторитардык башкаруу тоталитаризимден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)»** темасына жазылган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Улуттук Академиясынын А.А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө Институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдында уюштурулган саясий илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешине сунуштоону карадык.

**БҮТҮМҮ**

23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча "Авторитардык башкаруутоталитаризимден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)" темасына жазылган диссертациялык иши коомдо актуалдуу жана туура тандалган.

Аталган диссертациялык иштин актуалдуулугу Кыргыз Республикасы маанилүү жана келечек көйгөйлөрүн жеңилдетүү үчүн көрүлгөн чаралардын бири.

**1. «Илимий даражаларды ыйгаруу Жобосунун» талаптарына ылайык илимий натыйжалары**

Темирбекова Асель Темирбековнанын «Авторитардык башкаруу тоталитаризимден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)» темасына жазылган диссертациялык иши илимдин өнүгүүсүнө жаңы илимий жактан негизделген жыйынтыктарды жана тыянактарды белгилеген чоң салым.

Изденүүчүнүн изилдөөдөгү илимий натыйжалары демократиялык коомун түзүүдө маңызын, түзүлүшүн, андагы маселелерин мындан ары дагы талдоодо концептуалдуу-методикалык жактан маанилүү орду бар.

**Тыянак 1.** Тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары чыгуусу, илимий талдоо ыкмалары, концепциялары, теориялык аныктамалары аркылуу ачып берүүгө аракеттер жасалгандыктан жарым-жартылай жаңы катары кароого болот.

**Тыянак 2.** Ата-мекендик саясий илимде кыргыз тилиндеги алгачкы изилдөөлөрдүн бири. Анда саясий модернизация процессинде авторитардык башкаруунун элементтеринин саясий процесске тийгизген таасирин иликтенген изилдөө ишинин жаңылыгын түзөт.

**Тыянак 3.** Саясий багыттарды иликтөөсү изилдөөнүн теориялык-методологиялык негизи аныкталды.

**Тыянак 4.** Кыргызстандагы постсоветтик авторитаризмдин өнүгүү өбөлгөлөрү жана логикасы изилденди

**Тыянак 5.** Көз карандысыз Кыргызстандагы авторитардык режимдин калыптанышы жана өнүгүшү алгачкы жолу негизги баскычтарга бөлүнүп иликтенди.

кандуу маданий диалогу, коомдук прогресстин алып жүрүүчүсү болууга тийиш. Ал эми коомдо кездешкен "карама-каршылык" убактылуу көрүнүш, бул көрүнүштү болтурбай коюунун мүмкүн экендигин полиэтностор өздөрүнүн күнүмдүк жашоосун андан аркы жашоосунда өздөрү далилдешти.

**Тыянак 5.** Коомдук маселелер сыяктуу комплекстүү интегралдык мүнөзгө ээ болгон социалдык таасирдин бир түрү жана коомдун башка бардык чөйрөсүн да өз ичине камтыйт. Башкача айтканда, тоталитаризмден либералдуу демократияга өтүүнүн объективдүү зарыл формасы катары саясий алдыңкы жайыкка авторитаризм чыгат.Ушундан улам демократиялык эмес саясий режимдерди жана авторитаризмдин улам пайда болуп жаткан жаңы формаларын изилдөөгө болгон окумуштуулардын кызыгуусу акыркы жылдары кескин жогорулады десек болот.

**Тыянак 6.** 1990-жылдырдан бүгүнкү күнгө чейин жүз берген этностор аралык жана ички саясий конфликтер өлкөбүздөгү бардык көйгөлүү маселелерди көрсөттү. Этностор аралык мамилелер башка коомдук мамилелер сыяктуу комплекстүү интегралдык мүнөзгө ээ болгон социалдык таасирдин бир түрү. Коомдун башка бардык чөйрөсүн да өз ичине камтыйт.

## 3. Диссертацияда белгиленген изилденүүчүнүн ар бир негизделген жана тастыкталган натыйжалардын, бүтүмдөрдүн жана корутундулардын жаңылык деңгээли.

Диссертациялык изилдөө советтик тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги авторитардык режимдин элементтеринин заманбап Кыргызстандагы саясий процесстерге тийгизген таасирин аныктоого арналган. Жүргүзүлгөн изилдөөлөр төмөнкүдөй негизги жыйынтыктар менен корутундуларды чыгарууга мүмкүндүк берди.

**Тыянак 1.** Нормативдик укуктук базалар Кыргызстандын стратегиялык максатына дал келүүсү жана демократиялык саясат менен коомдун консолидациясын чагылдырган концепцияга негизденүүсү зарыл.

**Тыянак 2.** Постсоветтик республикалардагы, өзгөчө Борбордук Азия, анын ичинен Кыргызстандагы саясий процесстер демократиялык эмес саясий режимдердин көз карашынан алып караганда изилдөөчүлүк кызыгууну туудураары шексиз. Кыргызстанда жана анын чегинен тышкаары да, акыркы жылдары авторитаризмдин жаңы формаларына жана анын ар кандай көрүнүштөрүнө арналып жарык көргөн илимий жана илимий-популисттик макалалардын санынын көптүгү буга мисал жана далил болуп эсептелет. Бул изилдөөлөрдүн теориялык жана изилдөөчүлүк ыкмалары ды ар кылдуу жана көп түрдүү. Ошентсе да алардын ичинен бул диссертациялык изилдөөдө рационалдык тандоо теориясын, неоинституционализмди жана актордук ыкманы негизги теориялык парадигмалар катары көргөзүүгө басым жасадык.

**Тыянак 3.** Коомдогу кескин өзгөрүүлөр терең туруксуздукка алып келет, мындай жагдайларда коомдо мазмуну авторитардык инсандын башкаруусу, же, тескерисинче, жаңы баалуулуктарды "жалпы элдик таануунун" жарылуусу болгон ресентименттин (таарыныч) көтөрүлүшү сыяктуу кубулуштар тез тез

**Тыянак 6.** Азыркы Кыргызстандын мамлекеттик башкаруунун парламенттик формасына карай багыт алышы өлкөдөгү авторитардык режимди алсыратуу жана демократиялык институттар менен механизмдерди бекемдөө маанисинде изилденди. Заманбап Кыргызстандагы стабилдүүлүк менен ынтымакка терс таасир берүүчү авторитардык бушкаруунун көйгөйлүү жактары иликтенди.

## 2. Диссертацияда белгиленген изилденүүчүнүн ар бир негизделген жана тастыкталган натыйжалардын деңгээли, бүтүмдөр жана корутундулар.

Диссертациялык иш структуралык түзүлүшүндө жыйынтыкталган аныкталган бүтүмдөрү менен актуалдуу илимий-изилдөө иши. Илимий жалпыланган кепилдемелер жана сунуштар жалпы корутунду негизде системалашкан. Жаңы илимий жаңылыктар тастыкталган жана Кыргызстан менен Борбордук Азиянын саясий процесстеринде мындан кийинки изилдөөлөрдө да концептуалдуу-методологиялык мааниге ээ.

Аныкталган корутундулар жана жыйынтыктар ишенимдүү жыйынтыктарды белгилөөгө мүмкүнчүлүк түздү:

**Тыянак 1.** Авторитаризмдин жана демократиялык эмес башкаруунунар түрдүү формалары менен түрлөрүн изилдөөнүн теориялык негиздери иликтенди.Акыркы жылдары окумуштуулар тарабынан сунуш кылынган авторитардык саясий режимдердин жаңы классификациясы демократия жана авторитаризм түрүндөгү эки өлчөмдүү бөлүнүүнү колдонгон мурунку типтештирүүнүн айрым кемчиликтеринен ийгиликтүү арылды деп тыянак чыгарса болот.

**Тыянак 2**. Стратегиялык өнөктөштүк жана улуттук коопсуздук маселелерин биргелешип чечүү Кыргызстан үчүн да, Борбордук Азия мамлекеттер үчүн да өз өлкөсүнүн ички саясатындагы саясий, экономикалык, гуманитардык ж.б. максаттардын натыйжалуулугун жогорулатууга шарт түзөт.

**Тыянак 3.** Саясий теоретиктердин жаңы иштеп чыгуулары артыкчылыктарга ээ, анткени алар радикалдуу демократия гана эмес, ошондой эле өткөөл режим түрлөрүн, авторитардык субтүрлөрдүн алкагында кыймылдарды жана режимдердин демократиялык эмес бир түрүнөн авторитаризмдин башка түрүнө өзгөрүүнү эске алуу менен режимдик өтүүлөрдү аныктоого мүмкүндүк берет.Бул режим түрлөрүнүн жаңы классификациясы, ошондой эле, кемчиликсиз эместигин жана илимий талкууларга себеп болгонун да моюнга алуу керек. Ошентсе да, концепциялык ыкмалардын жана классификациялык схемалардын көп түрдүүлүгү заманбап демократиялык эмес режим түрлөрүн изилдөө милдетин жөнөкөйлөштүрөт деген тыянак чыгарса болот.

**Тыянак 4.** Изилдөө иши көрсөткөндөй авторитариз жана тоталитаризм демократияга өтүүдөгү мүнөзү көйгөйдүн булагы эмес тескерисинче, кыргыз элинин гүлдөп өнүгүшүнүн базасы, адамзаттык жаралуунун көмөкчү ресурсу, экономиканын туруктуу өнүгүүсү, ынтымакчылык, ар түрдүү улуттун толук

байкала баштайт. Өтө кедейлик, козголоңчул кыймылдар, этностук жана диний чыр-чатактар, терең коомдук экономикалык теңсиздик, баанынөнөкөт түшүшү, ири тышкы карыз, терроризм, экономикада мамлекеттин ролунун чоңдугу демократиялык өткөөлдүн негизги контекстуалдык көйгөйлөрүн түзөт. Алгач авторитаризмдин кыйрашы жарандардын арасында шайдооттукту жана толкунданууну пайда кылган, бирок жаңы демократиялык өкмөттөр чечпеген же чече албаган контекстуалдык көйгөйлөр, жаңы демократиялык коомчулукка болгон иллюзиялардын жоголушуна жардам көрсөтүп, демократиялык өкмөттүн ишмердүүлүгүнө карата кайдыгерлик, үмүтсүздүк жана көңүл калгандыкка алып келген.

**Тыянак 4.** Авторитардык чагылууну жоюунун натыйжасында бийлик менен кадыр-барктын бардык түрүнүн маанисинин төмөндөшү, өзүн-өзү көрсөтө билүүнүн, саясий катышуунун, келечекке ишенүүнүн артыкчылыгы, ошондой эле жашоо-турмушунун бакубаттуулугунун, жашоо сапаты, жекече өзүн-өзү көрсөтө билүүнүн артыкчылыгы пайда болот. Бул багыттар демократиялаштырыуугажөндөмдүк түзүшөт.

**Тыянак 5.** Саясий карьерасынын алгачкы бир жылында авторитардык бийликтин пайдубалын куруп, 1993-жылы кабыл алынган демократиялык Конституцияга 1994-96-98-2003-жылдары өтө орой, ачык эле авторитардык мүнөздөгү өзгөртүүлөрдү киийрүү жолу менен үй-бүлөлүк бийлигин бекемдегени башынан эле ойлонулган иш экендигин А.Акаевдин жогорудагы, 1993-жылы январда, өз өлкөсүндө эмес, чет өлкөдө, Израилге расмий сапары учурунда, жарыя кылган, кеңири кыргыз коомчулугу үчүн учурунда сыр боюнча калган, Кыргызстанда авторитаризмдин зарылчылыгы жөнүндөгү теориясы ачык-айкын далилдеп тураарын изилдөөлөр көрсөттү. Акаевдик-авторитардык режим акыры жүрүп 2002-жылы 17-марттагы кайгылуу Аксы окуяларына, 2003-жылы 31-декабрдагы Кумтор менен болгон саткын макулдашууга, анан бир жумадан кийин, 2004-жылы 9-январдагы Кыргызалтындын 17,34% акцияларынын сатылышына, 2005-жылы 27-февралдагы жана 13-марттагы Жогорку Кеңешке депутаттарды шайлоодогу одоно мыйзам бузууларга, экономикалык жана социалдык адилетсиздиктер 2005-жылы 24-марттагы элдик революцияга алып келген.

**Тыянак 6.** Мыйзамдуулук гана, атка минерлердин мыйзам алдындагы толук жоопкерчилиги гана, бийликтин толук ачыктыгы менен адилеттүүлүгү гана элдин мамлекеттик бийликке карата ишенимин кайтарып, көп улуттуу өлкөнүн ынтымагы менен биримдигин кепилдей алат. Ааламдашуунун оп тартма айлампасында руху күчтүү, маданияты бийик, биримдүү, жаратман улуттар гана өзү тандаган багыттан чыкпай, дүйнөлүк коомчулук менен тыкыз алакада болуп, бакубат турмушта жашап, кылымдардан бери аздектеген ата мурасын келечек муунга өткөрүп бере алат.

## 4. Ички бирдиктүүлүгүн баалоо жана актуалдуу маселелерди чечүүдө белгиленген натыйжалардын багытталынышы, теориялык жана прикладдык милдеттери.

Темирбекова Асель Темирбековнанын процесстер жана технологиялар адистиги боюнча жазылган **«Авторитардык башкаруу тоталитаризимден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)»** темасына жазылган диссертациялык иши Батыштын, Орусиянын жана Ата-Мекендик жетишилген натыйжалардын негизинде Кыргызстандагы саясый кубулуштардын процесстерин тереңирээк талдоо менен жаңы натыйжаларды белгилеген изилдөө, белгиленген натыйжалар теориялык жана практикалык тажрыйбаны жаратты жана изилдөөлөрдө колдонууга татыктуу.

## 5. Актуалдуу маселелерди чечүүдө изденүүчүнүн белгиленген илимий натыйжалардын багытталынышы, теориялык жана прикладдык милдеттери.

Эгемендиктин алгачкы жылдарында коомдо пайда болгон демократияга карата балкыган сезимди көңүл калуу, бузулуу, кыжырдануу, апатия – кайдыгерлик, каалабоо, кайгы менен капа алмаштырды. Мына ушул себептерден улам дээрлик бардык постсоветтик республикаларда, анын ичинде Кыргызстанда да, саясий системанын маятниги кескин түрдө экинчи бир четки чеккеооп кетти: гегемондук аткаруу бийлигине, анын тикетүзүмдөрүнө өттү. Коммунисттик тоталитаризмден либералдуу демократияга өтүүнүн объективдүү зарыл формасы катары саясий алдыңкы айдыңга авторитардык режим чыкты. Ушундан улам саясат таануучуларга, укук таануучуларга, жалпы эле коомдук илимдерди изилдеген окумуштууларга өткөөл мезгилдеги демократиялык эмес саясий режимдерди жана авторитаризмдин улам пайда болуп жаткан жаңы формаларын изилдөөгө негизги көңүлдү буруу сунушталат.

Коомдогу стабилдүүлүк үчүн жана өнүгүүнүн демократиялык багытынан кайтпаш үчүн демократиялык өкмөттөр өлкөдөгү көйгөйлөрдү чече албай, наразычылык күчөгөн учурларда бийликти тынчтык жолу менен алмаштыруу боюнча саясий элитанын институтташтырылган ыкмалары менен мыйзамдуу механизмдерин иштеп чыгуу зарыл экендигин изилдөөлөр көрсөттү.

Авторитардуулугун мүнөздөөдө анын догматизм (сенектик), башка ойго, башка көз караш жана башкача аракеттерге чыдабастыгы, авторитардык баш ийдирүү, авторитардык агрессия, конвенционализм (макулдашуу) алкагында таанып билүү, кабылдоо сыяктуу кыял-жоруктардын жана жөндөмдөрүнүн жыйындысы түшүндүрүлөт. Тигил же бул лидерге жогорудагыдай мүнөздөр тиешелүү болсо, анда ал авторитардык режимге жан тартуусу мүмкүн деген калыптама сунушталат.

Бүгүнкү күндөрдө Кыргызстандагы мамлекеттик түзүлүштүн калкыбыздын кылым карытып келаткан тарыхый-маданий шартына туура келчү, демократиялык маанайдагы талаптарга толук жооп берүүчү, ийкемдүү, шайкеш үлгүсүн издөө процесси жүрүп жатканы жана аны табуу дагы бир кыйла убакытка созулаары ачык эле көрүнүп калды. Биздин коомго туура келчү саясий системанын формасын жана экономикалык кайра куруулардын заманбап моделин иштеп чыгуу жана аны ишке ашырууда Жогорку Кеңештин ролу жана

орду өтө маанилүү экендигине көңүл буруу зарыл.

Аксы окуяларын, 2005-жана 2010-жылдардагы революцияларды кыргызстандыктардын 1990-1991-жылдары башталган жемкорлукка каршы, адилеттүү башкаруу үчүн болгон талбаган күрөшүнүн үч баскычы же "үч ашуусу" катары кароо туура болот. Үй бүлүлүк жана кландык башкаруунун негизги максаты жемкорлук болгонун изилдөөлөрдүн жыйынтыгы көрсөттү. Демек, жемкорлукка каршы күрөшүүнү бул авторитаризмдин өзөгүнө каршы күрөшүү деп түшүнүүнү сунуштайбыз.

Кыргыз Республикасы - кош элдик ыңкылапты жүзөгө ашырган, эркиндикти сүйгөн элдин демократиячыл мүдөөлөрү менен асыл-нарктарын жүзөгө ашырып берчү, келечектүү, укуктуу мамлекет болсун үчүн бардык жарандар, бардык бийлик бутактары,саясий партиялар, коомдук, анын ичинде бейөкмөт уюмдар жана башка бирикмелер менен жамааттык топтор парламенттик башкарууга багыт берген жаңы Конституциянын философиясын, духун жана логикасын бардык демилгелүү иш-аракеттер аркылуу колдоосу жана улантышы зарыл экендиги сунушталат.

Диссертациялык изилдөөнүн материалдарын, жоболорун жана тыянактарын "Саясат таануу", "Укук таануу", "Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу" жана башкаадистиктер менен багыттар боюнча атайын курстарды даярдоодо жана өтүүдө пайдалануу сунушталат. Мамлекеттик кызматкерлерди жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлерин кайра даярдоодо, аларга семинарларды жана тренингдерди өткөрүүдө диссертациялык изилдөөнүн материалдарын пайдалануу максатка ылайык болот деп эсептейбиз жана сунуштайбыз.

### 6. Диссертациянын жарыяланган жоболору, натыйжалары жана кортундуларынын тастыкталышы.

Изденүүчү Темирбекова А.Т. диссертациялык изилдөө ишинин негизги жоболору, натыйжалары жана кортундулары 14 макалада илимий журналдарда жарыяланган:

1. Темирбекова А. "А.Акаевдин "үй-бүлөлүк" башкаруусунун укуктук негиздеринин камсыз болушу" (1994–2003-жылдардагы Кыргыз Республикасынын конституциясына киргизилген өзгөртүүлөр.) [Текст] /Темирбекова А.//–"Право и Политика", , Бишкек, 2017, №4, – 69-77 бб.

2. Темирбекова А. 1993-жылы 5-майда кабыл алынган жаңы конституция жана 1994–2003-жылдардагы ага киргизилген өзгөртүүлөр. [Текст] /Темирбекова А.//–Известия КГТУ им. И.Раззакова, Бишкек, 2018, №2(46). – 399-410 бб.

3. Темирбекова А. Аксыйские события 2002 года – поворотная ступень в борьбе против авторитарного режима в Кыргызстане.[Текст] /Темирбекова А.//–Известия КазГУ им. Абая, Алматы, 2018, №3(63). – 143-150 сс.\

4. Темирбекова А. Революция 24 марта 2005г. И ее причины.Падение авторитарного режима Акаева[Текст] /Темирбекова А.//–Известия КазГУ им. Абая, Алматы, 2018, №3(63). – 131-137 сс.

5. Темирбекова А. Авторитардык инсандын башкаруусу” түшүнүгүн аныктоону изилдөөнүн тарыхаамасы. [Текст] /Темирбекова А.//–Известия КГТУ им. И.Раззакова, Бишкек, 2018, №3(51). – 217-230 бб.

6. Темирбекова А. Саясий режимдерди изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери. [Текст] /Темирбекова А.//–Известия КГТУ им. И.Раззакова, Бишкек, 2018, №3(51). – 246-254 бб.

7. Темирбекова А.Кыргызская Республика в статегических планах США. [Текст] /Темирбекова А.//–Журнал «Постсоветские исследования”, 2019, Т 2. №3(2019). С.121-127.

8. Темирбекова А., Акунов.А., “Три перехода” на сложном пути построения демократии Кыргызстана, или три волны демократии., [Текст] /Темирбекова А.//–Вестник, Кыргызско-Российский Славянский Университет - 2019. – Том10. - №11. С.121-127.

9. Темирбекова А. Изменение политической системы кыргызстанского общества в сторону формирования парламентской республики[Текст] /Темирбекова А.//– Известия КГТУ им. И.Раззакова, Бишкек, 2020, №55. – 455-460 сс.

10. Темирбекова А. Конституция 1993 года как основа построения в КыргызскойРеспублике президентско-парламентской формы правления[Текст] /Темирбекова А.//– Известия КГТУ им. И.Раззакова, Бишкек, 2020, №55. – 460-464 сс.

11. Темирбекова А. Тернистый путь конституции кыргызской республики от президентско-парламентской формы правления к парламентской республике (политико-правовой анализ)[Текст] /Темирбекова А.//– Известия КГТУ им. И.Раззакова, Бишкек, 2020, №57. – 460-464 сс.

12. Темирбекова А. Кыргызстандын демократияны курууга карай татаал жолундагы “үч ашуу” же демократиянын үч толкуну.[Текст] /Темирбекова А.//– Известия КГТУ им. И.Раззакова, Бишкек, 2020, №57. – 460-464 сс.

13. Темирбекова А. “Үй-бүлөөлүк башкаруунун” жана авторитардык бийлик режиминин укуктук негиздерин жойгон конституция [Текст] /Темирбекова А.//–“Право и Политика” журналы

14. Темирбекова А. “Коммунисттик тоталитаризмден демократияга өтүүдө авторитардык башкаруу керек экендиги жөнүндөгү А.Акаевдин көз карашы” [Текст] /Темирбекова А.//–“Право и Политика” журналы

**7. Автореферattын диссертациялык иштин мазмунуна дал келүүсү**

Автореферattын диссертациялык иштин мазмунуна, изилдөөнүн белгиленген максатына жана милдеттерине толук дал келет келет.

**8. Диссертацияны жазууда жана мазмунундагы кемчиликтер**

Техникалык мүнөздөгү түзөөнү талап кылган кемчиликтер изденүүчү Темирбекова А.Т. тарабынан жоюлган.

**9. «Илимий даражаны ыйгаруу тартиби жөнүндө Жобонун» талаптарына диссертациялык иштин дал келүүсү**

Изденүүчү А.Т.Темирбекова 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө жазылган «Авторитардык башкаруу тоталитаризимден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)» темасындагы диссертациялык иши Д.23.20.611. Диссертациялык кенешине профилдик жактан дал келет.

Автордун авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мүнөзүнүн ролун ар тараптуу изилдөөдө колдонулган көлөмдүү илимий, нормативдик-укуктук адабияттар, жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн маалыматтары, аныкталган изилдөө натыйжаларын түзүлүшүнө, диссертациялык иштин корутундусунда белгилеген жоболордун, тыянактардын ишенимдүүлүгүн шарттайт.

Изилдөөнүн структурасы логикалык жактан туура. Бардык бөлүмдөр авторитардык башкаруу тоталитаризмден демократияга өтүү мүнөзүнүн ролун жана диссертациялык ишин жалпы ачып берүүгө туура бөлүштүрүлгөн. 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча изилдөө ишинин талаптарына дал келет.

**Темирбекова А.Т.– изденүүчү**: кафедранын коллективине жана бул Дипломатиялык академиянын жетекчилигине биздин изилдөө ишибизди талкуудан өткөрүүгө мүмкүнчүлүк түзүп берип жаткандыгына терең ыраазычылыгымды билдирем. Сиздердин жогоруда берген бааңыздар менен айтылган эскертүүлөр биздин кийинки илимий ишмердүүлүгүбүздө оңдолуп, түзөтүлүп эске алынат.

**Джоробекова А.Э.**. – отурумдун төрайымы, тарых илимдеринин кандидаты, профессор, эл аралык мамилелер жана укук кафедрасынын башчысы: Урматтуу кесиптештер! Изденүүчү Темирбекова Асель Темирбековнанын 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча жазылган **«Авторитардык башкаруу тоталитаризимден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)»** темасындагы диссертациялык ишин талкулоонун жыйынтыгында жогоруда айтылган эскертүүлөрдү эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук академиясынын А.А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө Институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдында уюштурулган саясий илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешине коргоого сунуштоого сунуштар түштү.

Темирбекова Асель Темирбековнанын 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча жазылган **«Авторитардык башкаруу тоталитаризимден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)»**

темасындагы диссертациялык ишин 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук Академиясынын А.А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө Институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдында уюштурулган саясий илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешине коргоого сунуштоого добуш берип койсоңуздар.

**Бир добуштан кабыл алынды.**

**ТОКТОМ ЧЫГАРЫЛДЫ:**

1. Темирбекова Асель Темирбековнанын 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **«Авторитардык башкаруу тоталитаризимден демократияга өтүү мезгилиндеги саясий процесстин мүнөзү катары (Кыргыз Республикасынын мисалында)»** темасындагы диссертациялык ишин Кыргыз Республикасынын Улуттук Академиясынын А.А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө Институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдында уюштурулган саясий илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешине коргоого сунушталсын.
2. Жогоруда айтылган сунуштар жана эскертүүлөр ишке ашырылсын.
3. Бүтүмдүн тексти кабыл алынсын жана бекитилсин.

**Жыйындын төрайымы, профессор**
**Эл аралык мамилелер жана укук**
**кафедрасынын башчысы,**
**философия илимдеринин кандидаты,**
**профессор** **А.Э. Джоробекова**

**Жыйындын катчысы** **Р.Ж. Назарова**